КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ТОН РАЙОНУ
АК-ТЕРЕК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОНСКИЙ РАЙОН
МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
АК-ТЕРЕК

Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин
VIII чакырылышынын XVII кезексиз сессиясы

ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТОКТОМУ

2026-жылдын 17-сентябрындагы №233 Кара-Коо айылы

Кара-Коо, Дөң-Талаа жана Көл-Төр айылдарынын башкы пландарын бекитүүгө макулдук берүү жөнүндө

Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Э.К. Чурекованын 2026-жылдын 17-сентябрындагы № 01-7-3038 сандуу кайрылуусунун негизинде, Ак-Терек айыл аймагына караштуу Кара-Коо, Дөң-Талаа жана Көл-Төр айылдарынын башкы пландарын бекитүүгө макулдук берүү жөнүндө маселени карап, Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин муниципалдык менчик, жер, архитектура, курулуш жана айыл чарбасы боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусу угулуп, талкууланып, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Ак-Терек айыл аймагына караштуу Кара-Коо, Дөң-Талаа жана Көл-Төр айылдарынын башкы пландарын бекитүүгө макулдук берилсин.

2. Кара-Коо, Дөң-Талаа жана Көл-Төр айылдарынын башкы пландарын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте бекитүү боюнча тиешелүү мамлекеттик органдар менен макулдашуу жана мыйзамдарда каралган жол-жоболорду жүргүзүү Ак-Терек айыл өкмөтүнүн жерге жайгаштыруу муниципалдык менчикти башкаруу боюнча башкы адиси Т.Мамбетжунушовго жүктөлсүн.

3. Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин токтомдору каттоого алынсын жана токтомдун көчүрмөсү ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

4. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

5. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Ак-Терек айыл айымагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Э.К. Чурековага милдеттендирилсин.

Сканировано с CamScanner

6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин муниципалдык менчик, жер, архитектура, курулуш жана айыл чарбасы боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы А. Дастановго тапшырылсын.



Төрага **А.А. Мамбетов**

Сканировано с CamScanner